И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ЖУСУПА БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.20.624

Кол жазма укугунда
УДК: 2:28:930 (575.2)

МУРЗАХАЛИЛОВ КАНАТБЕК САЙТМУРАТОВИЧ

АЗЫРКЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МУСУЛМАН КООМЧУЛУГУН ИНСТИТУТТАШТЫРУУ (1991-2010 – ЖЖ.)

07.00.02 – Ата Мекен тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

БИШКЕК – 2022

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э.Ж. Маанаев атындагы тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин Кыргызстандын тарыхы жана этнология кафедрасында аткарылган

Илимий жетекчиси: **Курбанова Назира Умаровна -** тарых илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы КМУнун Э.Ж. Маанаев атындагы тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин деканы

Расмий оппоненттери: **Ормушев Асан Сулайманович -** тарых илимдеринин доктору, Эл аралык Кувейт университетинин эл аралык мамилелер жана юриспруденция кафедрасынын профессору, ректордун кеңешчиси

Рыскулов Токтобек Мамбетович - тарых илимдеринин кандидаты, доцент, К. Карасаев атындагы БГУнун эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы

Жетектөөчү мекеме: Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин тарых кафедрасы (дареги: 01010, Кыргыз Республикасы, Ош ш., Н. Исанов көч. 73

Диссертация 2022-жылдын 28-октябрында саат 13-00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.20.624 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., И. Раззаков көчөсү, 51 а. Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/d_0-v8c-sok-bto

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көчөсү, 51 а) жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., М. Фрунзе көчөсү, 547) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин arabaev.kg сайтынан танышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 20-сентябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору **Карыева А.К.**

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Изилдөө темасынын актуалдуулугу. Кыргызстандын отуз жылдан ашуун эгемендик мезгилинде республикада исламдын көп түрдүүлүгү ата мекендик мусулмандардын иш-аракетинин, дин жаатындагы либералдык мыйзамдардын, чет өлкөлүк ислам мамлекеттеринин жигердүү миссионердик ишмердүүлүгүнүн жана мамлекеттин динге болгон лоялдуу мамилесинен улам өнүккөн.

Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамы ар бир жаранга дин тутуу эркиндигине кепилдик берет. Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын үчүнчү Концепциясы (2021-2026-жж.) ишке ашырылууда. «Дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилди. Диний уюмдарды эсептик каттоо жөнгө салынып, Диндер аралык кеңештин ишмердүүлүгү илгерилеп, диний кызматкерлерди аттестациялоо жана квалификациясын жогорулатуу системасы калыптанды.

Эгемендүүлүк жылдарында динге болгон кызыгуу күчөп, калктын көпчүлүк катмары коомдогу, инсанияттын жашоосунда орун алган глобалдык жана күнүмдүк маселелерди диний дүйнө тааным призмасы аркылуу кабылдоо менен чечүүгө аракет кылганы байкалган. Сырткы факторлордун таасири менен жаңы диний көрүнүштөр, түрдүү диний уюмдар менен жамааттар пайда болгон.

Учурда күн тартибинде радикализм, диний экстремизм жана терроризмдин алдын алуу жана ага каршы туруу маселеси турат. Демек, коом калктын жашоосуна таасир этүүчү исламдын түрдүү факторлорунун өз ара аракеттенүү механизмдерин туура түшүнүүгө муктаж.

Бул көйгөйдү изилдөө Кыргызстанда мамлекет менен исламдын өз ара мамилелериндеги алгылыктуу система жана биргелешкен иш-аракеттердин ыкмалары али аныкталабагандыгы, ислам диний билим берүү маселелерин чечүүнүн актуалдуулугу, мусулмандар арасында салафийликке ыктаган көрүнүш күч алгандыгы менен дагы маанилүү.

Баш мыйзамда каралган дин тутуу эркиндигинин бузулушу жалпыга маалымдоо каражаттарында, социалдык түйүндөрдө, саясий ишмерлердин билдирүүлөрү менен мамлекеттик органдардын аракеттеринде дагы байкалууда. Ошол себептүү Кыргызстандагы мусулман коомунун, аны бириктирген уюмдар менен жамааттардын ишмердүүлүгүн объективдүү изилдөө зарылчылыгы келип чыкты. Бул диний чөйрөдөгү терс жагдайлардын өнүгүшүнүн алдын алууну жогорулатып, мусулмандар арасында күчөп бараткан исламдын саясатташуу шартында чыр-чатактардын алдын алууга өбөлгө түзөт.

Диссертациялык иштин башка илимий программалар жана долбоорлор менен байланышы. Изилдөө демилгелүү иш болуп эсептелинет.

Изилдөөнүн максаты – постсоветтик мезгилде кыргызстандык мусулмандарынын диний жашоосун институтташтыруу жараянына баа берүү, коомдогу ислам чөйрөсүнүн өзүн-өзү өнүктүрүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө, ошондой эле Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун ишмердүүлүгүн комлекстүү талдоо аркылуу анын түрдүү тарыхый этаптарына сереп салуу жана системалаштыруу.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөндөгү **милдеттерди** чечүү коюлган:

- Көйгөйгө тарыхнаамалык талдоо жүргүзүү, маселенин негизги булагынын түшүндүрүү үчүн Кыргызстандын мусулман коомчулугунун институтташтыруу жараянын белгилүү эмес жана келечектүү багыттарын аныктоо максатында тарыхый адабияттарды комплекстүү изилдеп, аны ачыктап берүү;
- Изилденип жаткан теманын методологиясын жана теориялык негиздерин ачып көрсөтүү;
- Совет мезгилиндеги мамлекет менен исламдын өз ара мамилелерин жана мусулмандар үчүн институттун (Орто Азия мусулмандарынын дин башкармалыгы - ОАМДБ) түзүлүшүнүн негизги өбөлгөлөрүн талдоо;
- 1991-жылдан 2010-жылга чейинки Кыргызстандын мусулман коомчулугун институтташтыруу жараянын жана өнүгүү тенденцияларын изилдөө;
- Кыргызстандагы ата мекендик ислам багытындагы диний билим берүү системасынын калыптануу жараянын изилдөө, анын көйгөйлөрүн жана кыргыз коомуна тийгизген таасиринин жана келечегин аныктоо;
- Азыркы Кыргызстандагы исламга тиешелүү көп түрдүүлүктүн өнүгүү тенденцияларын аныктоо;
- Кыргызстандагы «Таблиги Жаамат» кыймылынын ишмердүүлүгүн, ага байланыштуу көйгөйлөрдү жана мамлекет менен өз ара мамлесинин келечегин талдоо;
- Кыргызстанда калктын, айрыкча жаштардын радикалдашуусуна шарт түзгөн негизги факторлорду аныктоо.

Изилдөөнүн объектиси постсоветтик Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтыруу жараяны болуп саналат.

Изилдөөнүн предмети - азыркы Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун калыптануу жараяны, мамлекет менен исламдын өз ара мамилелери, диний билим берүү системасы, диний жамааттардын ишмердүүлүгү, жаштардын радикалдашуусу, диний экстремизмдин жана терроризмдин көрүнүштөрүнө каршы туруу.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

- Биринчилерден болуп азыркы Кыргызстанда мусулман коомчулугун институтташтыруу көйгөйлөрү комлекстүү талданды. Автордун эмпирикалык изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстанда дин саясатын калыптандыруу, мамлекет

менен диний бирикмелердин өз ара мамилелери боюнча бир катар сунуштар иштелип чыгылды.

- Ислам диний институттардын өнүгүү динамикасы көрсөтүлүп, Орто Азия мусулмандарынын дин башкармалыгынын кулашынын себептери аныкталды, КМДБнын калыптануу этаптары, анын ишмердүүлүгү жана институтташтыруу жараяны талданды;
- Ислам дониндеги көп түрдүүлүктүн өнүгүү тенденциялары аныкталып, Кыргызстандагы «Таблиги Жаамат» кыймылынын ишмердүүлүгү изилденип, ар кандай ислам жамааттарынын өлкөнүн социалдык-маданий турмушуна тийгизген таасиринин деңгээли көрсөтүлдү;
- Кыргыз Республикасында диний билим берүүнү уюштуруу, калк арасында, өзгөчө жаштар арасында диний экстремизмдин жана радикализмдин алдын алуу жана ага каршы туруу боюнча бир катар сунуштар иштелип чыкты..

Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси. Жүргүзүлгөн изилдөөлөр Кыргызстандагы мусулман коомчулугундагы ислам чөйрөсүн изилдөөдө тарыхый уландылыкты камсыздоодогу ажырымды жок кылат. Демек, бул исламдын кыргыз коомунун коомдук-саясий, социалдык-экономикалык турмушундагы ролун жана ордун, исламдын маданий-тарыхый жараяндарга тийгизген таасиринин деңгээлин аныктоого, эгемен Кыргызстандагы диний кырдаалдын өзгөчөлүгүн түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет.

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары, жалпылоолору, корутундулары жана сунуштары Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын (ДИМК), КМДБнын кызматкерлери, казыяттар, райондук имам хатибияттар, дин жана маданият маселелери боюнча адистешкен окуу жайлардын илимий – практикалык иштеринде колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөдө келтирилген корутундулар менен сунуштарды диний-экстремисттик уюмдардын ишмердүүлүгүн талдоо жана мониторинг жүргүзүүдө, диний мүнөздөгү чыр-чатактарды, диндер жана улуттар аралык көйгөйлөрдү жөнгө салууда, өлкөдөгү радикализмдин деңгээлин төмөндөтүүгө жардам берет.

Илимий иштеги коргоого алынып чыккан негизги жоболор:

1. Чындыгында, мусулмандардын ишин координациялоочу жана жөнгө салуучу орган болгон КМДБ 30 жылдык ишмердүүлүгүндө Кыргызстан мусулмандарынын бириктирүүчү борбору боло алган жок. Диний ишмерлер арасындагы маселелердеги биримдиктин жоктугу (өкмөтчүл имамдар менен бейрасмий лидерлердин ортосундагы кескин айырмачылыктар) мусулман коомчулугундагы карама-каршылыктын фактору болуп саналат. Ушуга байланыштуу Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун өнүгүүсүнүн заманбап тарыхы кайра жаралуу же бөлүнүү сыяктуу карама-каршы тенденциялар менен мүнөздөлөт.

2. Казыяттар жана райондук имам хатибияттар диний жамааттарга дагы эле каржылык жактан көз каранды болуп, өздөрүнүн карамагындагы мечит, медреселердин абалын көзөмөлдөөгө кудрети жетпей жатат. Айрым мечиттердин имамдары, медреселердин мударистери казыяттын ишмердүүлүгүнө карата оппозициялык иштерди жүргүзүүдө. Натыйжада көптөгөн расмий ислам институттары өлкөнүн кызыкчылыгына жооп берген иштерди аткарбай келет. Ошонун негизинде мечиттерде эмес, бейрасмий диний ишмерлердин айланасында өз ара жардам берүү жамааттары түзүлүүдө.

3. Өлкөнү санариптештирүү шартында, так диний мамлекеттик идеология жок болгондуктан, интернет, социалдык тармактар жана медиа каналдар радикалдуу дүйнө таанымдарды жайылтуу үчүн альтернативдүү аянтча болуп калууда. Мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлгөн салыштырмалуу алсыз көзөмөл айрым диний лидерлерге өздөрүнүн беделин жана таасирин жогорулатууга мүмкүндүк берип, ал убакыттын өтүшү менен саясий капиталга айланга өбөлгө түзөт. Интернеттеги ар кандай медиа каналдар тыюу салынган радикалдуу жана экстремисттик уюмдарга өз идеологиясын жайылтууга мүмкүндүк берет.

4. Исламдын ичиндеги көптөгөн агымдардын болуусу жөнөкөй мусулмандарга диний түшүнүктөр менен ченемдерди айрымалап түшүнүүдө кыйынчылык жаратат. Социалдык тармактардагы ар кандай форумдарда багытта талкуулар жүрүп, ар бир жамааттын жактоочулары өздөрүнүн ишин гана актоого аракет кылышат. Көбүн эсе бул пикир келишпестиктер бири-бирин айыптап, кемсинтүүгө чейин жетет.

5. Өлкөдө тыюу салынган диний-экстремисттик жана террористтик уюмдардын ишмердүүлүгү өзгөчө айрым этностордун арасында улантууда. Радикалдык топтордун мүчөлөрүнүн саны өсүү тенденциясына ээ.

6. Жаштарды кылмыштуу аракеттерге түрткөн социалдык-экономикалык факторлор диний радикалдашуу маселелеринде да актуалдуу.

Изденүүчүнүн жеке салымы:

1. Биринчилерден болуп КМДБнын калыптануу этаптары, ишмердүүлүгү жана институтташтыруу процесстери талданып, исламдык көп түрдүүлүктүн өнүгүү тенденциялары аныкталып, Кыргызстандагы «Таблиги Жаамат» кыймылынын ишмердүүлүгүн изилденди.

2. Белгилүү өлчөмдөгү архивдик, статистикалык материалдары жана талаа изилдөө материалдары аныкталып, илимий жүгүртүүгө киргизилди;

3. Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты өркүндөтүүгө багытталган практикалык сунуштар берилди.

Изилдөөнүн апробациясы. Изилдөөдө иликтенген маселелер жана көйгөйлөр диссертанттын эл аралык (Азербайжан, Украина, АКШ, Россия, Пакистан, Тажикстан, Казакстан, Чехия) жана республикалык илимий-

практикалык конференцияларда, симпозиумдарда, тегерек столдордо, семинарларда жана эксперттик жолугушуулардагы баяндамаларында чагылдырылган.

Изилдөөнүн натыйжаларын чагылдыруунун толук көлөмү. Диссертациянын темасы боюнча диссертациялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын жарыялоо үчүн УАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда 29 макала жарыяланган. Изилөөчү жеке жана башкалар менен бирдикте Кыргызстандагы мамлекеттик-диний мамилелер боюнча 7 китеп, 5 брошюра басып чыгарган. «Эркин Европа\Азаттык» радиосунун кыргыз кызматы «Азаттык» радиосунун «Биз жана дин» программасынын алып баруучусу катары диссертант 2019-жылдын мартынан 2021-жылдын май айына чейин 96 интервью жана аналитикалык материалдарды даярдаган (www.azattyk.org).

Диссертациялык иштин структурасы. Изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык диссертация кириш сөздөн, төрт бөлүмдөн, сегиз параграфтан, жыйынтык, практикалык сунуштан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө изилденип жаткан маселенин актуалдуулугу негизделинип, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, тандалган теманын объектиси жана предмети көрсөтүлдү. Илимий иштин жаңылыгы ачылып, изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси ачыкталып, коргоо үчүн берилген негизги жоболор аныкталды. Изилдөөнүн натыйжалары жана аларды практикалык колдонуу мүмкүнчүлүктөрү баяндалып, иштин негизги жетишкендиктерин апробациядан өткөнү көрсөтүлдү.

«Изилденип жаткан маселенин тарыхнамасы» деп аталган биринчи бап изилдөөнүн темасы боюнча маалыматтарды, эмгектерди, материалдар менен илимий басылмаларды тарыхнаамалоого жана талдоого арналган.

«Маселени билүү даражасы» деген биринчи параграфта VII кылымдын ортосунан баштап, бүгүнкү күнгө чейинки кыргыздардын диний ишенимдери тууралуу илимий маалыматтар кеңири чагылдырылган. Кыргызстандагы ислам диний институттарынын таралышы, трансформациясы жана структуралык өнүгүү маселелерине арналган эмгектер талдоого алынган.

Иштелип жаткан тема боюнча илимий адабияттардын олуттуу массивдери каралган. Алсак, белгилүү орус окумуштуулары В.Бартольд, В.Липский, В.Радлов, А.Бернштам, Н.Бичурин, С.Малов, Ю.Петраш, В.Н. Наливкин, М.Венюков, С.Абрамзон, И.Я.Златкин, ошондой эле казак тарыхчы-чыгыш таануучусу Ч. Валиханов жана башка илимпоздордун эмгектери изилденген *(караңыз, диссертациянын кол жазмасы 7-29 – б.)*.

Орусиялык А.Игнатенко, Н.Жданов, Р.Абдулатипов, Р.Ланда, А.Малашенко, Л.Сюкияйнен, Р. Гайнутдин, И.Добаев, Р.Силантиев, В.Наумкин, К.Ханбабаев, Р.Набиев жана башка изилдөөчүлөрдүн, саясий, диний ишмерлердин эмгектеринде постсоветтик мейкиндиктеги XX - XXI кылымдын айкалышындагы исламдын кайра жаралуусу менен байланышкан маселелер чагылдырылган. Бул авторлордун эмгектери изилдөөдө исламдын мамлекет менен диндер ортосундагы мамилелерге тийгизген таасиринин деңгээлин, материалдарды талдоонун методологиясы менен багытын салыштырууга мүмкүндүк берди.

Белгилүү орус ислам таануучулары А.Игнатенко менен Н.Ждановдун эмгектери исламдын «кайра жаралуусунун» негизги тенденцияларын тарыхый көз караштын алкагында талдоого арналган. Авторлор дүйнөдөгү конкреттүү окуяларга таянып, ислам концепциясын, анын мурастарын карап чыгуу менен исламдын жайылышынын негизги себептерине баа берилген. Дагы бир белгилүү орусиялык ислам таануучу А.Малашенконун эмгектеринде Орусиядагы ислам факторунун тарыхы, саясий аспектиси жана аймактык өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот.

Орусиялык ислам боюнча алдыңкы эксперттердин бири Р.Силантиевдин изилдөөсү диссертация үчүн белгилүү бир баалуулук жаратат. Анын эмгеги XX кылымдын аягы XXI кылымдын башындагы Орусия менен Кыргызстандагы мусулман коомдорунун трансформациясы менен калыптанышын салыштырууга мүмкүндүк берди.

Азыркы Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтыруу көйгөйлөрүн түшүнүүдөгү маанилүү орунду белгилүү диний ишмер, Орусиянын муфтийлер кеңешинин төрагасы Р.Гайнутдиндин эмгектери ээлейт. Ал орусиялык мусулмандар ичиндеги өзгөрүүлөрдү, ага байланыштуу исламдын өнүгүүсүндөгү карама-каршы тенденцияларды биринчилерден болуп изилдеген.

Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө ээ болушу менен ислам жашоо чөйрөсү кыргыз коомчулугунда кызыгуу жараткан илимий изилдөөлөрдүн предмети болуп калды. Буларга У.Чыналиев, Ж.Сааданбеков, А.Мокеев, А.Акунов, А.Элебаева, Э.Абилдаев сыяктуу илимпоздордун эмгектерин белгилей кетсе болот.

Маселен, У.Чыналиев өз ишинде мусулман жамааттарын институтташтыруу чечиле элек социалдык-экономикалык жана руханий-идеологиялык көйгөйлөрдүн белгилүү бир бөлүгүн саясий чөйрөгө өткөрүү аракети экендигин көрсөтөт.

Ж.Сааданбековдун эмгегинде саясий процесстерге салыштырмалуу талдоо жүргүзүлгөн. З.Галиеванын эмгектеринде өткөөл мезгилдин теориялык маселелери чагылдырылган.

Тарых илимдеринин доктору А.Мокеевдин «Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане» аттуу китебинде жана башка жарык көргөн макалаларында кыргыздардын

орто кылымдардагы тарыхы, этникалык абалы, ишенимдери менен бирдикте ислам дини боюнча да кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Тарыхчылар Н.Курбанова, А.Ормушев, А.Ярков, социолог Б.Малтабаров, саясат таануучулар О.Молдалиев, И.Мирсайитов, Н.Эсенаманова, В.Ушаков, эксперттер О.Мамаюсупов, К.Маликов, Э.Усубалиев жана башкалардын монографиялары Кыргызстандын коомдук-саясий турмушундагы исламдын ролун изилдөөгө арналган.

Алардын ичинен профессор Н.Курбанованын «Ислам в современном Кыргызстане», «Проявление политического ислама в постсоветских Центрально-азиатских государствах на рубеже XX-XXI вв.», «Ислам в общественно-политической жизни Кыргызстана» аттуу монографиялары изилдөө үчүн өзгөчө маниге ээ. Бул эмгектерде мамлекет менен исламдын өз ара мамилелери, диний кырдаал, диндин саясатташуусу, ислам аалымдарынын саясий жараяндарга аралашуусу илимий контекстинде каралып, диний, анын ичинен исламий билим берүү жалпы билим берүү мекемелериндеги динди окутуунун өзгөчөлүгү изилденет.

Тарых илимдеринин доктору А.Ормушев менен коопсуздук боюнча эксперт Б.Ахмедовтун «Псевдоисламские радикальные течения и их угроза безопасности Центральной Азии» деген монографиясында Борбор Азиядагы ислам дининде болуп жаткан жараяндар, азыркы шартта ислам дининин өнүгүү тенденциялары, түрдүү диний топтордун окууларынын өзгөчөлүктөрү, исламдын радикалдашуусуна жана саясатташуусуна түрткү болгон факторлор, такфирчиликтеги жашыруун салафизмдин себептери талдоого алынган.

Б.Малтабаровдун «Религия и социально-политические процессы в Кыргызстане» аттуу эмгегинде эгемендүүлүк жылдарындагы исламдын өлкөнүн коомдук-саясий, социалдык-экономикалык турмушундагы орду изилденген.

О.Молдалиев «Современные вызовы безопасности Кыргызстана и Центральной Азии», «Ислам и Политика: политизация Ислама или исламизация политики?» деген монографияларында ааламдашуу шартында Борбордук Азия чөлкөмүнүн коопсуздугуна таасир кылган салттуу эмес коркунучтардын өзгөчөлүктөрүн, анын ичинде терроризм жана диний экстремизмди, диний кырдаалды, ошондой эле исламдын саясатташуу жараянын изилдеген. Талдоолордун негизинде өлкөдө тең салмактуу дин саясатын кандайча жүргүзүү боюнча практикалык сунуштар берилген.

О.Мамаюсуповдун «Вопросы (проблемы) религии на переходном периоде» аттуу илимий докладында мамлекеттин дин жаатындагы саясаты, анын ичинде исламга карата жүргүзүлгөн саясат тууралуу сөз болот. Автордун айтымында, бул саясат түрдүү диний уюмдардын ортосундагы мамилелердин татаал көп баскычтуу, көп компоненттүү тутумун, ошондой эле КМДБ менен

мусулмандардын ортосундагы мамилелерди, дин менен мамлекеттин өз ара аракеттенүүсүн чагылдырат.

К.Маликов менен Э.Усубалиевдин «Мусульманская община Кыргызстана и политический процесс в стране: подходы к гармонизации отношений между государством и религией» аттуу монографиясында өлкөдөгү исламдын саясатташуу шартында Кыргызстандын мусулман коомчулугун өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери каралган. Саясий жараяндардын мусулман коомчулугунун өнүгүүсүнө тийгизген таасири изилдөөдө өзгөчө орунду ээлейт. Диний чөйрөдөгү бардык факторлор эске алынып, мамлекет менен диндин өз ара мамилелерин шайкеш келтирүү боюнча керектүү сунуштарды дагы келтирген.

Белгилей кетсек, жогорудагы изилдөөчүлөрдүн эмгектери өлкөдөгү мусулмандардын учурдагы жашоосунун түрдүү аспектилерин ачып берет. Бул эмгектердин абсолюттук теориялык-методологиялык маанисин эске алуу менен бийликтин, коомдун жана исламдын өз ара мамилелеринин концептуалдык жоболору каралбаганын белгилейбиз. Албетте, бул изилдөөлөрдө исламдын Кыргызстанда таралуу тарыхы, анын өнүгүү тенденцияларынан баштап, жалпы эле диний чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн ар кандай варианттары кеңири камтылган.

Ошол эле учурда ата мекендик тарых илиминде өлкө жарандарынын коомдук-саясий турмушунда диний уюмдун ордун аныктоо, ички контексттин (исламдык дискурс) абалын, бийлик органдары менен жергиликтүү мусулман жамааттарынын ортосундагы мамилелердеги изилдөө менен байланышкан структуралык жана функционалдык өзгөрүүлөрдүн таасири фрагмент түрүндө гана каралган.

Атап айтканда, Кыргызстандагы исламдын учурдагы абалы, мамлекет менен исламдын өз ара байланышы, мусулман институттарынын иштеши, диний билим берүүнүн өнүгүшү ата мекендик изилдөөчүлөр А.Табышалиева, С.Дюшенбиев, А. Салиев, К.Маликов, Э.Насритдинов, Н.Эсенаманова, Б.Дубанаев жана башкалардын эмгектеринен көрүүгө болот.

Тарых илимдеринин доктору А.Салиев өз изилдөөсүндө исламда орун алган бөлүнүүнүн табияты менен эволюциясын араб жана перс диний-саясий ойлордун өнүгүү өзгөчөлүктөрүнүн мисалында иликтеп, Кыргызстандагы диний кырдаал менен жалпы аймактык абалдын айырмачылыктарын аныктаган.

Мадрид университетинин саясат жана ислам таануу илимдеринин доктору, Кыргызстандагы ислам дини боюнча негизги эксперттердин бири К.Маликов исламдын коомдогу ордун, ислам менен мамлекеттин кызматташтыгына байланыштуу маселелердин кеңири спектрин изилдеген. Автор геосаясий өзгөрүүлөргө байланыштуу диний экстремизм, терроризм менен байланышкан тобокелдиктерди, диний саясаттын калыптануусун регионалдык коопсуздуктун контекстинде талдайт.

Ата мекендик эксперттер Э.Насритдинов менен Н.Эсенаманова диний чөйрөдөгү абалды иликтеп чыгып, өлкөдөгү диний кырдаал татаал жана көп кырдуу деген жыйынтыкка келишкен. Алардын пикиринде, Кыргызстанда өнүккөн жана активдүү ислам коомчулугу иш жүргүзүп, диний институттар менен мамлекеттин ортосунда карама-каршылык жок. Айрым кемчиликтерге карабастан, мамлекет динге, өзгөчө исламга карата кызматташуунун калыптанып калган моделин сактоосу зарыл. Мамлекет диндар адамдарды радикалдашуу менен коомдун диний катмарынын нааразылык маанайынын өсүшүнө жол бербөө үчүн өз ара аракеттенүүнүн жолдорун издөөсү шарт деген кортундуга келишкен.

Коопсуздук боюнча эксперт Б.Дубанаев талаа шартында жүргүзгөн изилдөөлөрүнүн, Борбор Азия мамлекеттеринин компетенттүү органдарынын практикалык ишмердүүлүгүндөгү материалдарды талдоонун негизинде жарандарды террористтик жана экстремисттик уюмдарга тартууну, пенитенциардык мекемелердин шартында соттолгондорду эл аралык террористтик уюмдардын катарына азгыруунун себептерин аныктаган. Жыйынтыгында, экстремизмдин кылмыш дүйнөсү менен биригүү көйгөйлөрүн аныктап, бул көрүнүштөргө каршы туруу үчүн тиешелүү сунуштарды иштеп чыккан.

Албетте, аталган окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн натыйжасында келип чыккан кортундулар мазмуну боюнча бир кыйла олуттуу мааниге ээ. Бирок, исламдын институционалдык өнүгүүсүндө болгон өзгөрүүлөр алардын көз жаздымынан сыртта калгандыгын айта кетүү абзел.

Кыргыз Республикасындагы дин, анын ичинде ислам чөйрөсүндөгү мамлекеттин саясатына арналган олуттуу эмгектердин бири катары ДИМК тарабынан даярдалган жана басылып чыккан (2003-2010-жж.) окуу, маалымдама жана аналитикалык багыттагы китептерди айтууга болот. Бул эмгектер мамлекеттик саясаттын конкреттүү багыты катары мамлекеттик органдар менен мусулман коомчулугунун ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн мазмунун, түзүмүн жана оптималдаштыруу жолдорун, анын конституциялык-укуктук биригүү жолдорун ачып берген.

Диссертациялык иш үчүн Кыргызстан мусулмандарынын мурдагы муфтийи Муратали ажы Жумановдун эмгектери өзгөчө кызыгууну жаратат. Муратали ажы Жуманов өзүнүн китептеринде «Хизб ут – Тахрирдин» идеяларын, анын Куран жана Сүннөткө таянган божомолдорун сынга алган. Кыргызстан мусулмандар казыятынын ОАМДБ бир бөлүгү катары структуралык түзүлүшү менен биргеликте өлкөнүн мусулман уюмдарын координациялоочу орган катары КМДБнын ишмердүүлүгүн Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан берки орунтуу окуяларды белгилеген.

Бул эмгектерди изилдөө жана салыштыруу азыркы Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтырууга таасир эткен негизги көйгөйлөрдү, тенденцияларды жана факторлорду аныктоого мүмкүндүк берди.

Көтөрүлүп жаткан маселе боюнча илимий адабияттардын мазмунуна жана көлөмүнө карабастан, изилдөөнүн темасы боюнча жарык көргөн эмгектерге тарыхнаамалык талдоо жүргүзүү каралып жаткан көйгөйлөрдүн тарыхый өз ара байланышы, өзгөчө постсоветтик мезгилде мусулман коомчулугунун өзгөрүүсү жетишерлик каралбаган бөлүк экендиги көрүндү. Изилдөөчүлөр арасында радикализм көйгөйүнүн күчөшү, мусулман диний институттарынын иштөөсү жана исламий билим берүүнү өнүктүрүү контекстинде ислам чөйрөсүнө өзгөчө кызыгуу жаралганы байкалууда.

Мындан тышкары, мамлекет менен исламдын өз ара мамилелериндеги заманбап тенденцияларды теориялык жана методологиялык жактан түшүнүү маселеси да жетишсиз чагылдырылган. Ошол эле учурда Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтырууда жүрүп жаткан жараяндардын теориялык аспектилери дагы деле терең изилденүүгө муктаж.

Өлкөдөгү исламдын таралуу тарыхынан баштап, диний чөйрөдөгү көйгөйлөрдү чечүүнүн ар кандай варианттарына чейинки маселелердин кеңири спектерин камтыган тарыхый материалдар менен илимий эмгектерди комплекстүү изилдөө диссертациянын авторуна бир катар маанилүү тыянактарды: исламдын мындан аркы өнүгүү тенденцияларын көрсөтүү, учурдагы мамлекет менен исламдын өз ара мамилелериндеги көйгөйлөргө баа берүү, коюлган милдеттердин алкагында дин эле эмес, көптөгөн өлкөлөрдүн геосаясий кызыкчылыктары менен байланышкан маселелердин масштабын ачыктап берүүгө мүмкүндүк берди.

«Методология жана изилдөө ыкмалары» деген экинчи бап колдонулган методологияга жана изилдөө ыкмаларына арналган.

«Изилдөөнүн методологиялык негиздери. Изилдөөнүн объекти жана предмети» деген аталыштагы биринчи параграф изилдөөнүн эрежелери менен жол-жоболорун түзүп, изилдөө тармагынын чектерин белгилейт.

Диссертациялык иштин методологиясы тарыхый-генетикалык ыкманы камтыды. Ал азыркы Кыргызстандын аймагында исламдын пайда болуусун, өнүгүү этаптарын, таралуусунун себеп-натыйжа байланыштары менен мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоого мүмкүндүк берди. Изилдөөдө ошондой эле тарыхый-салыштырмалуу жана тарыхый-системалык методдор колдонулган. Бул ыкманын маңызы түрдүү ислам жамааттарынын ишмердүүлүгүнүн катышын аныктоого, укуктук актыларды жана КМДБнын өнүгүү динамикасын салыштыруу аркылуу изилдөөнүн милдеттерин чечүүгө өбөлгө түздү.

Илимий иште изилденип жаткан маселелердин Кыргызстанда каралып жаткан учурундагы исламдын өнүгүүсүнө карата окуялардын өнүгүү тартибин хронологиялык тартипте ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берген тарыхыйлуулуктун принциптери колдонулду. Бул мусулман жамааттарынын институтташтыруу жараянын конкреттүү тарыхый мезгилде карап чыгууга шарт жаратты. Анын негизинде КМДБнын ишмердүүлүгүндөгү негизги кризистик мезгилдерди,

калктын радикалдашуусунун түртүүлүчү жана тартылуучу факторлору, жаштар арасындагы диндарлыктын өсүүсү, алардын террористтик жана экстремисттик уюмдардын катарына кирүү жагдайлары белгиленди.

Изилдөөнүн максаты менен милдеттерин камсыздоо үчүн укуктук-ченемдик документтерди - мыйзамдарды, президенттин Жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен Өкмөттүн токтомдорун системалуу талдоо ыкмасы колдонулду. Баш мыйзамды, Кыргыз Республикасы тарабынан ратификацияланган дин тутуу эркиндиги жөнүндө эл аралык келишимдерди, динге тиешелүү башка мыйзамдар менен мыйзам алдындагы актыларды иликтөө көйгөйлөрдү аныктоого, мамлекеттин дин саясатын жөнгө салууда жана ишке ашырууда кетирген кемчиликтерди тактоого мүмкүндүк берди.

Диссертацияда колдонулган ыкмалардын арсеналында автордун талаа изилдөөлөрүнө маанилүү орун берилди. «Таблиги Жаамат» кыймылынын ишмердүүлүгүн, Кыргызстан калкын радикалдашууга алып келген негизги факторлорду жана себептерди изилдөө боюнча талаа изилдөөлөрүнүн алкагында байкоо жүргүзүү, жеке интервью, сурамжылоо, биографиялык жана сыпаттоо, жеке сүйлөшүү, маалымат чогултуу үчүн атайын анкеталар, фокус-группаларды өткөрүү, фото документөө ыкмалары пайдаланылды.

«Мусулман коомчулугунун институтташтыруу тарыхы» аталышындагы үчүнчү бап үч параграфтан туруп, Кыргызстандагы ислам коомчулугунун институтташтыруу жараянына арналган. Тактап айтканда, Борбор Азия чөлкөмүндөгү мамлекеттерде, анын ичинде Кыргызстанда ислам ошол кездеги мамлекет менен диндин өз ара мамилелеринин тоталитардык-атеисттик моделинен улам узак убакыт стагнациялык абалда болгону белгиленет. Советтер Союзу кулагандан кийин кайра исламдашуу активдүү жүрө баштагандыгы байкалган. Постсоветтик мезгилде көптөгөн мусулман жамааттары түзүлгөн. Мечиттердин курулушу тездеп, 100дөн ашык медреселер жана жогорку ислам окуу жайлары ачылган.

««Совет бийлигинин исламга каршы күрөшү жана ОАДМБнын түзүлүшүнүн себептери» деген биринчи параграфта изилдөөчү совет мезгилиндеги республиканын мусулман жамааттарынын ишмердүүлүгүн талдап, совет бийлигинин исламга каршы күрөшүн жана ОАМДБнын түзүлүшүнүн себептерин көрсөтүп берет.

Параграфта Кыргызстандын аймагындагы динге жана диний мекемелерге карата Совет бийлигинин көздөгөн максаттары ишке ашпай, диний жашоону күч менен басуу аракетинен майнап чыккан эмес деген тыянак чыгарылат. Совет доорунда динге байланыштуу бардык көрүнүштөр көптөгөн административдик тыюу салуулар менен чектөөлөрдөн тургандыктан мамлекет динди жөнгө салуучу укуктук-ченемдик маселелерине олуттуу көңүл бурулбагандыгы айтылат.

Коммунисттик идеологияны таңуулоо шартында дин өлкөдө расмий эмес идеологиясы бар мыйзамдуу уюм катары кала берген. Анын үстүнө, XX кылымдын 90-жылдарынын баш ченинде коом атеисттик болуп калбастан, тескерисинче, 1980-жылдардын ортосунан баштап, мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелердин өзгөрүүсүн шарттаган белгилүү себептердин негизинде калктын диндарлыгынын өсүү жараяны башталган.

«Эгемендүү Кыргызстандын мусулман коомчулугунун институтташтыруу жараяны» деген экинчи параграфта диний институттардын калыптанышы баяндалып, азыркы Кыргызстандагы исламдын өзгөчөлүгү каралат. 1991-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилде Кыргызстандын мусулман коомчулугунун институтташтырууга багытталган иш-аракеттерге изилдөө жүргүзүлөт.

Диссертант КМДБ өлкөдөгү мусулман коомчулугунун «чел кабыгы» болгондугуна карабастан, жергиликтүү жамааттардын деңгээлиндеги түрдүү диний топторду өзүнүн айланасына топтоого жетиштүү аракеттерди жасаган эмес деген тыянакка келет. Тескерисинче, калк арасында коомдук-саясий түзүлүшкө, диний кызматчыларга сын көз карашта болгон деструктивдүү уюмдардын таасири арткан. Көбүнчө КМДБ, анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин пасивдүү иш аракети, диндар адамдар менен жетишсиз байланышы апелляциялык маанайды күчөткөн.

Талдоо көрсөткөндөй, 2005-жылдагы март жана 2010-жылдын апрель окуялары өлкөнүн ислам диний институттарынын структуралык өз алдынча өнүгүүсү үчүн маанилүү болуп калды. Диний лидерлердин ортосундагы тымызын тирешүү, Кыргызстан мусулмандарынын муфтийлик орду үчүн сырттан байкалбаган атаандаштык өлкөдөгү ислам коомчулугунун биригүүсүнө тоскоол болгон. Натыйжада, 1991-жылдан 2010-жылга чейин Кыргызстан мусулмандардын сегиз муфтийи алмашты. Ошого карабастан, ислам жана жалпы эле дин кызматкерлери өлкөдө болуп жаткан жараяндарга ийгиликтүү интеграцияланган. Өлкөнүн мусулман коомчулугу ар кандай тоскоолдуктарга жана кыйынчылыктарга (ар кандай жамааттар менен топтордун ортосундагы идеологиялык күрөш, дин кызматкерлеринин ортосундагы пикир келишпестиктер, диний аң-сезимдин ар кандай формаларынын ортосундагы карама-каршылыктар ж.б.) карабастан, өзүн-өзү өнүктүрүү жолуна түшүп, калыптана баштады.

«Кыргызстанда ислам билим берүү системасынын калыптанышы мусулман коомчулугун институтташтыруунун негизги компоненти катары» деп аталган үчүнчү параграфта өлкөдөгү ислам окуу жайларынын азыркы абалы талдоого алынган.

Учурда Кыргызстанда расмий каттоодон өткөн 182 ислам окуу жайлары, анын ичинде Кыргызстан ислам университети бар экендигине карабастан, диний билим берүүнүн сапаты XIX кылымдагы жадид мекептериндеги деңгээлден төмөн

болуп, маселе бир жактуу чечиле электиги белгиленет. Диссертациялык изилдөөнүн алкагында чогултулган талаа материалдарына таянып, автор өлкөдөгү диний билим берүүнүн өнүгүсүнө тоскоол болгон бир катар факторлорду аныктаган. Аларга диний окуу жайлардын ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө керектүү каржылык ресурстардын аздыгы, окуу куралдарынын жана сапаттуу профессордук-окутуучу курамдын жетишсиздиги, материалдык-техникалык базанын начардыгы, дипломдорду лицензиялоо, аккредитациялоо жана нострификациялоо маселелеринин жөнгө салынбагандыгы, окутуунун алдыңкы усулдарына көңүл бурулбай, ислам окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн ишке орноштуруудагы кыйынчылыктар сыктуу көйгөйлөр кирет.

«Азыркы Кыргызстандагы ислам көп түрдүүлүгүнүн өнүгүү тенденциялары» деген төртүнчү бап үч параграфтан туруп, учурда өлкөдө орун алган диний кырдаалдын өзгөчөлүгүн аныктоого арналган.

«Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун өнүгүү тенденциялары» деген биринчи параграфта азыркы Кыргызстандын коомдук турмушунун көптөгөн компоненттерине исламдын таасири күчөгөнү тууралуу тарыхый маалыматтар жалпыланып көрсөтүлгөн.

Диссертант исламдын ырааттуу түрдө Кыргызстандагы саясий жараяндардын толук кандуу факторуна айланышы СССРдин кулашынын табигый натыйжасынын негизинде болгон деген тыянакка келет. Чек аралардын ачылышы, калктын атеисттик көз караштан өз ата-бабалары табынган ишенимине кайтуу зарылдыгы, дүйнө таанымдагы боштук учурунда чет элдик мусулман мамлекеттеринин «диндеш бир туугандарды» исламга кайтарууга кызыкдар болушу коомдун динге болгон кызыкчылыгын арттырды. Изилдөөдө Кыргызстан эгемендүүлүк доорунда исламдын Совет бийлиги учурунда жоголгон позициясын калыбына келтирип гана тим болбостон, таасир көрсөтүүнүн жаңы аренасына ээ болгондугу белгиленет.

Коомдун жалпы аң-сезимине ислам акырындык менен сиңип бара жаткандыгы байкалууда. Бирок, Кыргызстандагы салттуу жана салттуу эмес ислам агымдарынын ишмердүүлүгү көрсөткөндөй, өлкөдөгү мусулман коомчулугу дале болсо түрдүү чакырыктар менен кыйынчылыктарга туш болууда.

Диссертациянын бул бөлүмүндө диний аң-сезимдин түрдүү формаларынын идеологиялык атаандаштыгы менен жааматтардын бири-бирине болгон карама-каршылыгы көрсөтүлгөн. Калктын массалык аң-сезимине таасир тийгизүү, аны өздөштүрүү үчүн болгон күрөштө расмий ислам лидерлери менен диний кызматкерлери белгилүү көрсөткүчтөр жана категориялар боюнча жогорудагы диний агымдарга утулуп жатканы көрсөтүлгөн.

«Кыргыз Республикасынын аймагындагы «Таблиги Жамаат» кыймылынын ишмердүүлүгү» деген экинчи параграфта өлкөдөгү таасирдүү деп эсептелген диний кыймылдын аракети талдоого алынган.

Кыргызстанда «Таблиги Жамаат» кыймылынын ишмердүүлүгү 1990-жылдардын башында пайда болгон. Бул кыймылдын тарапташтары калк арасында бир кыйла динамикалык иш жүргүзгөндүгү менен айрымаланат. Натыйжада аталган топ бардык ислам уюмдарынын арасында активдүүлүк боюнча алдыңкы орунда турат. Бүгүнкү күндө өлкөдө «Таблиги Жамааттын» ишмердүүлүгү боюнча олуттуу изилдөөлөр жана макалалар дээрлик жок. Диссертациялык иште «Таблиги Жамаат» кыймылынын ишмердүүлүгү, «дааватка» чыгуу жараяны терең талдоо менен аналитикалык изилдөөгө негиз түздү.

Көтөрүлгөн көйгөйлөрдү чечүү үчүн диссертант талаа материалдарын чогултуп эле тим болбостон, бир нече жолу диний турнеге – «дааватка» дагы чыгып келген. «Таблиги Жамаат» кыймылынын тарапташтарынын иш-аракеттерине, уюштуруу ыкмаларына, иш-чараларына күбө болгон.

Жүргүзүлгөн иштин жыйынтыгына таянып, автор «Таблиги Жааматтын» натыйжалуулугу анын ар кандай кырдаалдарга бат жана жогорку деңгээлде ыңгайлашуусунда деген тыянакка келет. Мисалы, кыймылга адамдар өзүнө ыңгайлуу учурда, Кыргызстандын каалаган жеринде, бардык турмуштук кырдаалда кошула алат. Натыйжада «Таблиги Жамааттын» жактоочуларынын саны учурда тездик менен көбөйүүдө.

Изилдөөнүн негизинде белгилүү бир убакыттан кийин таблигчилер тарабынан исламды чечкиндүү-таңуулоо иретинде жайылтуунун натыйжасында исламдык башкаруу системасын түзүүнүн чектери пайда болушу мүмкүн деп болжолдонууда. Кыймылдын алкагындагы жүргүзүлгөн «дааваттын» агартуучулук-билим берүү формасы бул милдеттерди ишке ашырууга өбөлгө жаратуусу мүмкүн.

Диссертацияда «Таблиги Жамааттын» позициясынан даават жараянын андан ары бекемдөө, аны жандандыруу диний чөйрөдөгү чыңалуу борборунун калыптанышына, өлкөдөгү мамлекет менен диндин өз мамилелеринин начарлашына алып келиши мүмкүн деген жыйынтык чыгарылган. Дүйнөбий мамлекеттик түзүмдү, улуттук коопсуздукту сактоо менен Кыргызстан элинин менталитетин, үрп-адаттарын, ханафий мазхабынын идеяларын негиз катары алып, көп диндүү коомду түзүүгө көмөктөшүүчү КМДБны өнүктүрүүнүн узак мөөнөттүү стратегиясын иштеп чыгуу зарылчылыгы белгиленди. Мындан сырткары, КМДБнын алдында дааватчылардын сабаттуулугун жогорулатууга басым жасоо аркылуу «Дааватчыларды даярдоо борборун» уюштуруу сунушталды.

«Кыргызстанда калктын радикалдашуусуна өбөлгөлөр менен негизги факторлор, жаштар арасындагы диний экстремизмге жана терроризмге

каршы аракеттенүү» деп аталган үчүнчү параграф өлкө калкынын, өзгөчө жаштардын радикалдашуу көйгөйүн талдоого арналган.

Изилдөөчү исламдын радикалдашуусу Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринде, постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө дагы байкалып жаткандыгы глобалдык тенденцияларга байланыштуу деп эсептейт. Иликтөөнүн жыйынтыгында диссертант Кыргыз Республикасында диний экстремизмге жана терроризмге каршы тийиштүү чаралар көрүлбөй, жаштар арасында зарыл болгон агартуу иштери менен радикалдык идеялардын жайылышын алдын алууга багытталган жумуштар жүргүзүлбөй жатат деген тыянакка келет.

Автор калктын радикалдашуу деңгээлин төмөндөтүү боюнча бир катар приоритеттүү иш-чараларды сунуштап, кылмыштуу топтордун жана элементтердин таасирин чектөө, алардын калкка, өзгөчө жаштардын чөйрөсүнө тийгизген таасирин минималдаштыруу боюнча профилактикалык чараларды күчөтүүнү сунуштайт.

КОРУТУНДУ

1991-2010-жылга чейин Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун институтташтыруу жараянын сунушталган милдеттердин алкагында аталган изилдөө *төмөнкү корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди:*

1. Каралып жаткан маселенин ар тараптуу жана көп кырдуу аспектиси ата мекендик, чет элдик окумуштуулардын, эксперттердин, ошондой эле диний ишмерлердин көптөгөн эмгектеринин изилдеп чыгууга негиз түздү. Изилдөөнүн темасы боюнча жарык көргөн эмгектерге тарыхнаамалык талдоо жүргүзүү көтөрүлгөн маселе боюнча илимий адабияттардын мазмунуна жана көлөмүнө карабастан, көйгөйлөрдүн тарыхый өз ара байланышы, өзгөчө постсоветтик мезгилде мусулман коомчулугунун өзгөрүүсү жетишерлик каралбаган бөлүк экендиги көрүндү. Ошол эле учурда Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтырууда жүрүп жаткан жараяндардын теориялык аспектилери дагы деле терең изилденүүгө муктаж. Андыктан, аталган диссертациялык иш орун алган кемчиликти толуктоого багытталган.

2. Изилдөөнүн темасын объективдүү жана толук карап чыгуу үчүн ислам чөйрөсүнө жана өлкөнүн мусулман коомчулугун институтташтырууга тиешелүү теориялык негиздерди илимий жактан туура аныктоо маанилүү болгон.

Диссертациялык иште тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуу, тарыхый-системалык методдор менен катар эле тарыхыйлуулуктун принциптери колдонулду. Бул ыкмалардын жардамы менен түрдүү ислам жамааттарынын ишмердүүлүгүнүн катышын аныктоо, алардын өнүгүү динамикасы, пайда болуу этаптары, исламдын таралуу жолдору, Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун институтташтыруу жараянын аныктоого мүмкүндүк жаралды. КМДБнын ишмердүүлүгүндөгү негизги кризистик мезгилдерди, калктын радикалдашуусунун

түртүүлүчү жана тартылуучу факторлору, жаштар арасындагы диндарлыктын өсүүсү, алардын террористтик жана экстремисттик уюмдардын катарына кирүү жагдайлары белгиленди. «Таблиги Жаамат» кыймылынын ишмердүүлүгүн, Кыргызстан калкын радикалдашууга алып келген негизги факторлорду жана себептерди изилдөө боюнча талаа изилдөөлөрүнүн алкагында байкоо жүргүзүү, жеке интервью, сурамжылоо, биографиялык жана сыпаттоо, жеке сүйлөшүү, маалымат чогултуу үчүн атайын анкеталар, фокус-группаларды өткөрүү, фото документөө ыкмалары пайдаланылды.

3. Советтик мезгилинде атеизм расмий түрдө мамлекеттик саясаттын деңгээлине көтөрүлгөн. Анын негизинде диний объектилер жана өз иштерин жүргүзгөн дин кызматкерлери атеисттик пропаганданын катуу кысымына дуушар болушкан. Ошого карабастан, дин өзүн-өзү өнүктүрүүдө «элдик, тиричилик» деңгээлинде өнүккөн.

Советтер Союзу мезгилинде бийликтин исламга жана диний мекемелерге багытталган максаттары ишке ашкан эмес. Диний жашоону (кээде күч менен) басуу аракети жыйынтыктысыз аяктаган. Коммунисттик идеологияны таңуулоо шартында дин өлкөдө расмий эмес идеологиясы бар легалдуу уюм катары кала берген. Анын үстүнө, XX кылымдын 90-жылдарынын башында коом атеисттик болуп калбастан, тескерисинче, калктын диндарлык деңгээлинин жогорулатуу жараяны башталган.

4. 1991-2010-жылдар аралыгында Кыргызстан мусулман коомчулугундагы институтташтырууну талдоо КМДБнын ишмердүүлүгүндөгү парадигмалардын өзгөрүшү менен коштолгон *үч оор кризистик мезгилди* аныктоого мүмкүндүк берди. Излдөөдө каралып жаткан мезгил аралыгында КМДБ өлкөдөгү мусулман коомчулугунун «чел кабыгы» болуу менен жергиликтүү жааматтардын деңгээлинде ар кандай диний топторду өзүнүн айланасына топтоо үчүн жетиштүү аракеттерди жасаган эмес. Тескерисинче, коомдук-саясий түзүлүшкө, дин кызматкерлеринин өздөрүнө терс көз карашта болгон деструктивдүү топтордун жана уюмдардын таасири күчөгөн.

Мусулман коомчулугунун өсүшүнө тике жана оор терс таасирди 2005-жылдын мартындагы «жоогазын революциясы» менен 2010-жылдын апрель окуялары тийгизди. Натыйжада, 1991-2010–жылдар аралыгында Кыргызстан мусулмандарынын сегиз муфтийи алмашты. Өлкөнүн мусулман коомчулугу ар кандай тоскоолдуктарга жана кыйынчылыктарга (ар кандай жамааттар менен топтордун ортосундагы идеологиялык күрөш, дин кызматкерлеринин ортосундагы пикир келишпестиктер, диний аң-сезимдин ар кандай формаларынын ортосундагы карама-каршылыктар ж.б.) карабастан, өзүн-өзү өнүктүрүү жолуна түшүп, калыптана баштады.

5. Кыргызстандагы ислам диний билим берүү чөйрөсүнүн өнүгүү этабын эки негизги багытка бөлүүгө болот. Биринчиден, диний билим берүү

мекемелеринин санынын баш-аламан көбөйүүсү. Аталган жараян жигердүү башкаруу чечимдери менен мүнөздөлүп, тармакты калыптандыруу учуру болду. Экинчиден, өлкө масштабында диний билим берүүнү институтташтыруу убактысы менен мүнөздөлөт. Мындан тышкары, диний билим берүү «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдын алкагынан тышкары калган. Билим берүүнүн бирдиктүү стандарттары, ар бир билим деңгээли үчүн окуу пландары жок болгон. Чет өлкөлүк ислам багытындагы окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүн аттестациялоо жана аккредитациялоо, дипломдорун нострификациялоо маселелеринин чечилбегени билим берүүнүн сапатына терс таасирин тийгизген.

6. Кыргызстандын ислам чөйрөсү көп түрдүүлүк, ар түрдүү уюмдардын, агымдардын жана кыймылдардын болуусу менен менен шартталып, алар универсалдуу жана универсалдуу эмес категорияларга бөлүнгөн. Универсалдуу категориялардагы агымдардын идеологиясы өлкөдөгү саясий, каржылык, социалдык, билим берүү чөйрөсүнө таасир көрсөтүүгө багытталган. Универсалдуу эмес агымдардын ишмердүүлүгү биринчилерден айырмаланып, бир гана диний чөйрөгө таасирин тийгизет.

7. Кыргызстанда «Таблиги Жамаат» кыймылы өз ишмердүүлүгүн 1990-жылдардан тарта жүргүзө баштаган. Кыймылдын тарапташтары калк арасында бир кыйла активдүү иш жүргүзгөндүктөн, натыйжада, алар өлкөдөгү башка бардык ислам уюмдарынын ичинде алдыңкы сапта тургандыгы менен өзгөчөлөнөт. Диссертациялык иште «Таблиги Жамааттын» ишмердүүлүгү жана «даават» жараяны терең талдоо менен аналитикалык изилдөөнүн предмети болуп калды.

8. Кыргызстанда калктын, өзгөчө жаштардын радикалдашуу көйгөйлөрү чындап актуалдуу маселеге айланды. Бул жагдай Жакынкы Чыгыш мамлекеттеринде, постсоветтик мейкиндиктеги өлкөлөрдө байкалып жаткан глобалдык алкактагы өзгөрүүлөргө байланыштуу. Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасында диний экстремизмдин алдын алуу, ага каршы туруу жана олуттуу күрөш жетиштүү деңгээлде жүргүзүлбөй жатат.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертациянын материалдары менен корутундуларына таянып, өлкөнүн дин жаатындагы мамлекеттик саясатын жана КМДБ системасын өркүндөтүү максатында төмөндөгү практикалык **сунуштар** максатка ылайыктуу деп эсептейбиз;

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө диний чөйрөдөгү мыйзамдык, укуктук-ченемдик базаны өркүндөтүү, ички жана тышкы кызматташуунун артыкчылыктуу багыттарын аныктоо аркылуу мамлекет менен исламдын өз ара мамилелеринин ырааттуу саясаттын иштеп чыгуу зарыл;

2. ББИМ, ДИМК диний билим берүүнүн алкагында дүйнөбий сабактардын болуусун эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүсү зарыл;

3. ДИМК, КМДБ жана ББИМ ислам багытындагы диний окуу жайлар үчүн билим берүү стандарттарын иштеп чыгуусу жана бекитүүсү, алар үчүн лицензиялоону жана аккредитациялоону, ошондой эле чет өлкөлүк диний окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдорун нострификациялоону жүргүзүүсү шарт;

4. ДИМК, КМДБ ата мекендик жаштардын билимин улантууга багытталган артыкчылыктуу чет өлкөлүк диний окуу жайлардын (Орусия, Түркия, Өзбекстан, Египет) маалымат базасын түзүүсү керек;

5. КМДБ мусулмандардын ишин координациялоочу жана жөнгө салуучу диний уюм катары өлкөдө жашаган бардык улуттардын өкүлдөрүн өз ишмердүүлүгүнө аралаштыруусу зарыл.

6. Укук коргоо органдары интернет, социалдык тармактар жана медиа каналдар өлкөнү санариптештирүү шартында радикалдуу дүйнө таанымды жайылтуу үчүн альтернативдүү аянтча жана коомдук аң-сезимди манипуляциялоо үчүн курал болуп турганда, калктын радикалдашуусуна жол бербөө үчүн интернет желесин көзөмөлдөө иштерин жүргүзүүсү шарт.

Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү басылмаларда жарыяланган:

1. О. Мамаюсупов, К. Мурзахалилов, К. Маматалиев. Ислам в Кыргызстане: тенденции развития. – Ош, 2004. – 350 с.
2. О. Мамаюсупов, К. Мурзахалилов, К. Маматалиев. О мониторинге деятельности государственных органов в реализации религиозных прав и свобод. – Ош, 2004. – 561с.
3. О. Мамаюсупов, К. Маматалиев, К. Мурзахалилов, Д. Абы уулу. Исламские лидеры и богословы Кыргызстана против СПИДа. -Б.: 2005. -83 с. 4.

О. Мамаюсупов, К. Мурзахалилов, К. Маматалиев. Краткий анализ религиозных систем в Кыргызстане. – Б.: 2006. – 172 с.

5. К. Осмоналиев, К. Мурзахалилов,И.Мырзабеков. Ислам багытындагы айрымэкстремисттик, радикалдык диний агымдар жана башка уюмдар туралуу маалыматтар. –Ош, 2009. – 42 с.
6. К. Осмоналиев, К. Мурзахалилов, К. Маматалиев. Международные нормы, обеспечивающие свободы совести и вероисповедания. Законодательные и нормативно-правовые акты Кыргызской Республики регулирующие сферу религии. – Ош, - 2010. – 151 с.
7. К. Мурзахалилов, М. Арынов. «Таблиги Джаамат» в Кыргызстане: анализ и прогнозы. – Б.: - 2010. – 76 с.

8. Э. Насритдинов, З. Урманбетова, К. Мурзахалилов, М. Мырзабаев. Уязвимость и устойчивость молодых людей в Кыргызстане к радикализации и экстремизму: анализ в пяти сферах жизни. – Б.: - 2019. – 59 с.

9. Мурзахалилов К.С. Проблемы прозелитизма в Кыргызстане. // Центральная Азия и Кавказ, – Швеция, 2004. - №1 (31). - С. 67-79

10. Ж. Ботоев, О. Мамаюсупов, К. Мурзахалилов, И. Юсупов. Правовые основы религиозных организаций, миссионеров и совершенствование законодательства о свободе вероисповедания в Кыргызской Республики. //Материалы международной научно-практической конференции «Свобода вероисповедания и обеспечение межрелигиозного взаимопонимания в странах Центральной Азии». Б.: -2004. - С. 136-150

11. К.Маматалиев, К. Мурзахалилов. Проблемы религиозного образования в Кыргызстане. //Материалы международной научно-практической конференции «Свобода вероисповедания и обеспечение межрелигиозного взаимопонимания в странах Центральной Азии». Б.: -2004. - С. 150 -159

12. Ж. Ботоев, О. Мамаюсупов, К. Мурзахалилов. Правовые проблемы взаимоотношений государства и религии в Кыргызстане. //Материалы международной научной конференции «Ислам в Центральной Азии». Ош, - 2004. - С. 143-157

13. К. Мурзахалилов, К. Маматалиев, О. Мамаюсупов Ислам в условиях демократического развития Кыргызстана: сравнительный анализ. // Центральная Азия и Кавказ, – Швеция, 2005. - №3 (39). - С. 53 - 65

14. К. Мурзахалилов, К. Маматалиев. Религия. Центральная Евразия 2005. // Центральная Азия и Кавказ, - Швеция, 2006. – С. 247 -252

15. К. Мурзахалилов. Проблемы и перспективы религиозных учебных заведений ислама в Кыргызской Республике. //Материалы международного симпозиума «Проблемы нравственности и теологического образования в Кыргызстане в условиях глобализации». Б.: - 2007. - С. 434-440

16. К. Мурзахалилов. Ислам в Кыргызстане: становление и перспективы развития. //Материалы круглого стола «Секуляризм и ислам в современном государстве: что их объединяет?». Алматы, - 2008. - С. 179-199

17. К. Мурзахалилов, М. Арынов. «Таблиги Джаамат» в Кыргызстане: особенности деятельности и возможные последствия для развития религиозной ситуации в республике: анализ и прогнозы. // Центральная Азия и Кавказ, - Швеция. – 2010. №3 (13). - С.69-75

18. К. Мурзахалилов. Структурное становление мусульманской общины Кыргызстана. //Вестник КГУ им. И. Арабаева. -2013. №3. - С.173-176

19. К. Мурзахалилов. Трансформация институтов мусульманской общины Кыргызстана и России на рубеже XX-XXI вв. Сравнительный анализ. // «Ислам в современном мире». Казань, -2014. № 1 (33). – С. 65-70

20. К. Мурзахалилов. Проблемы становления мусульманской общины в Кыргызстане (1991-2013 гг.). // Центральная Азия и Кавказ, Швеция. - 2014, №1 (17). – С.113-126

21. К. Мурзахалилов. К вопросу противодействия религиозному фанатизму в Кыргызской Республике. // Известия ВУЗов.-2014. №1.-С.135-138

22. К. Мурзахалилов. О некоторых аспектах деятельности движения «Таблиги Джаамат» в Кыргызстане. // Вестник КГУСТА им. Н. Исанова. – 2014. №1 (43). – С. 106-113

23. К. Мурзахалилов. Деструктивная деятельность религиозно – экстремисткой партии «Хизб ут - Тахрир» в Кыргызстане. //Вестник КНУ Ж. Баласагына. – 2014. №1. - С.185-190

24. К. Мурзахалилов. Кыргызские семейные и национальные традиции в контексте религиозных воззрений. //«Семья: феноменология повседневности»: коллектив. моног./- Н. Новгород: НГСХА, 2016. – 160-172

25. К. Мурзахалилов. «Йакын Инкар» в Кыргызстане: вероятность радикализации. // Религиоведение. 2019. № 1. - С.121-130

26. К. Мурзахалилов. Риски религиозной радикализации в Кыргызстане. // Ислам в современном мире. 2019. № 2. – 167-180

27. К. Мурзахалилов. Взаимосвязь ислама и семейных устоев в Кыргызстане. //"Релігійна свобода". Киев, Украина, № 22 -23. 2019 г. – С. 61-66

28. К. Мурзахалилов. Анализ деятельности государственных органов в реализации религиозных прав и свобод в Кыргызстане. //Светскость, секуляризм, религиозность: исторические, юридические и философско-мировоззренческие аспекты. / Под ред. Е.С. Элбакян – Бишкек, 2020 г. – 246 с. С.68-78

29. К. Мурзахалилов. Деятельность исламских джааматов в Кыргызстане. // Вестник КНУ Ж. Баласагына. Специальный выпуск (S). – 2019. -С.170-177

Мурзахалилов Канатбек Сайтмуратовичтин «Азыркы Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтыруу (1991-2010-жж.)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

РЕЗЮМЕСИ

Негизги сөздөр: мамлекет менен исламдын өз мамилелери, КМДБ, жаамат, институтташтыруу, ислам, мусулман коомчулугу, радикализм, диний билим берүү, диний экстремизм.

Изилдөөнүн максаты – постсоветтик мезгилде кыргызстандык мусулмандарынын диний жашоосун институтташтыруу жараянына баа берүү, коомдогу ислам чөйрөсүнүн өзүн-өзү өнүктүрүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдөө, ошондой эле Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун ишмердүүлүгүн комлекстүү талдоо аркылуу анын түрдүү тарыхый этаптарына сереп салуу жана системалаштыруу.

Изилдөөнүн объектиси: постсоветтик Кыргызстандагы мусулман коомчулугун институтташтыруу жараяны болуп саналат.

Изилдөөнүн предмети - азыркы Кыргызстандагы мусулман коомчулугунун калыптануу жараяны, мамлекет менен исламдын өз ара мамилелери, диний билим берүү системасы, диний жамааттардын ишмердүүлүгү, жаштардын радикалдашуусу, диний экстремизмдин жана терроризмдин көрүнүштөрүнө каршы туруу.

Диссертациянын методологиялык негизин төмөнкүдөй изилдөө ыкмалары – тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуу, тарыхый-системалык, мазмундук-аналитикалык жана тарыхыйлуулуктун принциптери түздү. Мындан тышкары, байкоо жүргүзүү, жеке интервью, суроо, биографиялык жана сыпаттоо ыкмалары, жеке сүйлөшүү, маалымат чогултуу үчүн атайын анкеталар, видео жана фото документөө ыкмалары пайдаланылды.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы - биринчилерден болуп азыркы Кыргызстанда исламдын институтташтыруу маселелери изилденип, өлкөдөгү диний саясатты калыптандыруу боюнча бир катар сунуштар иштелип чыгылды. ОАМДБнын кыйрашынын өбөлгөлөрү аныкталып, КМДБнын калыптануу этаптарына, анын ишмердүүлүгүнө жана институтташтыруу жараяндарына талдоо жүргүзүлдү. Мындан сырткары, ислам көп түрдүүлүгүнүн өнүгүү тенденциялары, Кыргызстандагы «Таблиги жамаат» кыймылынын ишмердүүлүгү изилденип, өлкөнүн социалдык-маданий турмушуна түрдүү ислам жамааттарынын таасиринин деңгээли көрсөтүлдү. Кыргыз Республикасында диний билим берүүнү уюштуруу, жаштар арасында диний экстремизмдин жана радикализмдин алдын алуу жана ага каршы туруу боюнча бир катар сунуштар иштелип чыкты.

РЕЗЮМЕ

диссертации Мурзахалилова Канатбека Сайтмуратовича на тему «Институционализация мусульманской общины в современном Кыргызстане (1991-2010 гг.)» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – Отечественная история

Ключевые слова: государственно-исламские взаимоотношения, ДУМК, джаамат, институционализация, ислам, мусульманская община, радикализм, религиозное образование, религиозный экстремизм.

Цель исследования - оценка процессов институционализации религиозной жизни мусульман страны в постсоветский период, включая изучение закономерностей саморазвития исламской сферы жизни общества, а также комплексный анализ исторического обзора и систематизации этапов деятельности мусульманской общины Кыргызстана.

Объектом исследования является процесс институционализации мусульманской общины постсоветского Кыргызстана.

Предмет исследования – формирование институтов мусульманской общины, государственно-исламского взаимодействия, система религиозного образования, деятельность религиозных джааматов, радикализации молодежи, противодействие проявлениям религиозного экстремизма и терроризма в современном Кыргызстане.

Методологическую основу диссертации составили следующие методы исследования - историко–генетический, историко-сравнительный, историко-системный, контент-аналитический, а принципы историзма. Кроме этого, использованы такие методы как: включенное наблюдение, индивидуальное интервью, анкетирование, биографический и описательный методы, специальные опросники для ведения беседы и сбора информации, проведение фокус-групп, фото документирование.

Научная новизна исследования заключается в том, что в ней одним из первых изучена проблемы институционализации ислама в современном Кыргызстане; выработан ряд предложений по формированию религиозной политики в стране, выявлены предпосылки распада САДУМ; проанализированы этапы становления ДУМК, его деятельность и процессы его институционализации; определены тенденции развития исламского многообразия, изучена деятельность движения «Таблиги Джаамат» в Кыргызстане, показана степень влияния различных исламских джааматов на социокультурную жизнь страны; разработаны ряд предложений по организации религиозного образования в Кыргызской Республике, профилактике и противодействию религиозному экстремизму и радикализму среди молодежи.

ABSTRACT

The dissertation by Murzahalilov Kanatbek Saitmuratovich on «The institutionalization of Muslim community in modern Kyrgyzstan (1991-2010)» for the candidate of historical sciences in specialty 07.00.02 - national history.

Key words: relations between state and Islam, Spiritual Board of Islamic Community, institutionalization, Islam, Muslim community, radicalism, religious education, religious extremism.

The study goal is to evaluate the institutionalization processes of religious lives of Muslims in post-Soviet period. This includes studying the patterns of self-development of the Islamic sphere of society, as well as integrated analysis of historical review and systematization of stages of activities of the Muslim community in Kyrgyzstan.

The study target is the process of institutionalization of the Muslim community of modern Kyrgyz society.

The subject of the study is the process of formation of Muslim community institutions, relations between state and Islam, a system of religious education, activities of religious groups, radicalization of youth, countering religious extremism and terrorism.

The following research methodologies were applied: historical and genetic, comparative history, historical and systemic, content analysis, principles of history. In addition, observation, individual interview, survey, biography and description methods as well as photo documentation were applied.

Novelty of this study is that it touches issues of the institutionalization of Islam in modern Kyrgyzstan from scholars perspective for the first time; a series of recommendations on formation of religious policy in Kyrgyzstan is developed; prerequisites for disintegration of CASAM are identified; stages of development of the Spiritual Board of Muslim Community are analyzed; trends of development of Islamic diversity are identified; activities of religious movement «Tablighi Jamaat» in Kyrgyzstan are analyzed; level of influence of different Islamic movements on social life and culture of the country is shown; a series of recommendations on organization of religious education in Kyrgyzstan, preventing and countering religious and radicalism among youth is developed.